Ош мамлекеттик университетинин
Тоо экосистемаларын коргоо жана
жашыл инновациялар Консалтинг
Борборунун директору, г.и.к.,
доцент ____________ Аккулов А.У.
« 11 » 12 2024-ж.

## ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨ ИШИНИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫН КОЛДОНУУ АКТЫСЫ

1. **Колдонуунун автору:** Орозалиев Алымкул Абдикеримович.

2. **Илимий-изилдөө ишинин аталышы:** «Баткен областынын суу-жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери» аталышындагы 25.00.36 - «Геоэкология» география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иш.

3. **Кыскача аннотация:** Бул диссертациялык иште Баткен областынын азыркы мезгилдеги башкы экономикалык, социалдык багыттарын көтөрүүдө айыл чарбасынын өнүгүүсүнүн бирден бир жолу болуп, суу-жер ресурстарын үнөмдүү жана сарамжалдуу пайдалануу зарылчылыгы келип чыккандыгына байланыштуу областтын азыркы мезгилге чейин суу-жер ресурстарына экологиялык жактан тийгизген терс таасирин, жаратылыш компоненттеринин өзгөрүү маселеси каралган. Баткен областы Кыргыз Республикасынын башка областарынын ичинен агрардык айыл чарбасы менен айырмаланып тургандыгына баа берүү менен бул аймактагы өнөр жай жана айыл чарбасынын өсүшү, область боюнча калктын санынын көбөйүшү суу-жер ресурстарын пайдалануу менен жаратылыш ресурстарына болгон муктаждыкты жаратып, анын ичинен суу-жер ресурстарын туура эмес пайдалануу эл чарбасы үчүн көйгөйлүү маселелердин жаратып келгенине басым жасалган. Илимий изилдөөнүн жүрүшүндө география-гидрологиялык ыкманын негизинде аймактын суу ресурстарына сандык жана сапаттык жактан баа берүү, жер ресурстарынын азыркы мезгилде пайдалануунун геоэкологиялык көйгөйлүү маселелери, суу-жер ресурстарына антропогендик тийгизген терс таасирлерин чечүүнүн жолдору, суу-жер ресурстарын жаңы технологиялардын жана инновациялык чечимдерге ылайык сарамжалдуу пайдалануу жана аларды коргоо маселелерин камтыган.

4. **Колдонуунун натыйжалуулугу.** ОшМУнун Тоо экосистемаларын коргоо жана жашыл инновациялар Консалтинг Борбору диссертант Орозалиев А.А. тарабынан аталган диссертациялык иште география-гидрологиялык ыкманын негизинде аймактын суу ресурстарына сандык жана сапаттык жактан баа берүү, жер ресурстарынын азыркы мезгилде пайдалануунун геоэкологиялык көйгөйлүү маселелери, суу-жер ресурстарына антропогендик тийгизген терс таасирлерин

чечүүнүн жолдору, суу-жер ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу жана аларды коргоо маселелери боюнча илимий-изилдөө иштери жүргүзүлгөндүгүн жана анын айрым жыйынтыктары биз тараптан аткарылып жаткан долбоорлорду аткарууда колдонууга киргизилгендигин белгилейт.

5. **Колдонууну киргизүүнүн мүнөзү орду жана убактысы:** Ош областынын Өзгөн районунун Жалпак-Таш айыл өкмөтүндөгү 2017-жылы жер көчкү басып калган Курбу-Таш айылынын аймагындагы агро-токой мелиорациялык иштер аркылуу кыртышты калыбына келтирүү жана биорекультивациялоо боюнча "Курбу-Таш токой" долбоорун аткарууда жаңы технологияларга жана инновациялык чечимдерге ылайык бак-дарактарды тамчылатып сугаруу системасын пайдалануу, 2022-2023-жылдар.

6. **Колдонууну киргизүүнүн формасы:** Бул илимий изилдөөнүн суу-жер ресурстарын коргоо жана сарамжалдуу пайдаланууга, алардын келечектеги абалы жана климаттык өзгөрүүлөргө байланыштуу сезондор боюнча өзгөрүүсү, ошондой эле, суу-жер ресурстарын чаржайыт пайдалануунун айыл чарбага тийгизген таасирлери, терс экологиялык көрүнүштөрүн болтурбоо жана жаңы технологиялар менен жашыл инновациялар багытындагы сунуштары биздин экологиялык, социалдык-экономикалык долбоорлорду аткарууда киргизилүүдө.

ОшМУнун Физикалык география,
Кыргызстандын географиясы жана ТТК
кафедрасынын башчысы, г.и.к., доцент — Шербаева З.Э.

Консалтинг Борбордун
иш алып баруучусу — Токтоназар у. Д.

Чыгыш/Исх. № 12 04
от «13» 12 2023ж.г.